«Дагы, дагы»

Сөзү: Токторов Бактияр Абдинабиевич

Обону: Токторов Бактияр Абдинабиевич

Жаздын жашыл, көктөм убагы,

Биз булуттан жаан сурадык.

Ал да аны күтүп тургандай, сыягы…

Отурганбыз көпкө унчукпай,

Айта албай ички сырларды.

Табигат да сезип тургандай, сыягы…

Күн күркүрөп, катуу нөшөрлөп,

Сүйүү, бакыт, үмүт жаады.

Кубалашып ойно дегендей,

Кайталайт дагы, дагы.

Кайырма:

Дагы, дагы, дагы…

Дагы, дагы, дагы…

Жаачы, жаачы сүйүү, бакыт жазы.

Дагы, дагы, дагы…

Дагы, дагы, дагы…

Жаачы, жаачы үмүт жазындагы.

Жайдын жашыл көктөм убагы,

Биз булуттан жаан сурадык.

Ал да аны күтүп тургандай, сыягы…

Ойлонгонбуз көпкө унчукпай,

Айта албай ички сырларды.

Табигат да сезип тургандай, сыягы…

Күн күркүрөп, катуу нөшөрлөп,

Сүйүү, бакыт, үмүт жаады.

Кубалашып ойно дегендей,

Кайталайт дагы, дагы.

Кайырма: